

Сыдык ИМАНАЛИЕВ

# АЛА-ТООЛУКТАРДЫН ХАРИЗМАЛЫК ДЕМИ

*Ыйман, адеп, маданият жылына арналат*

*Сыдык Иманалиев*

# АЛА-ТООЛУКТАРДЫН ХАРИЗМАЛЫК ДЕМИ

*Ыйман, адеп, маданият жылына арналат*

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
И 50

Иманалиев С.
И 50 Ала-Тоолуктардын харизмалык деми.
– Б.: Maxprint. – 56 б.

ISBN 978-9967-28-352-7

Жыйнак ыйман, адеп, маданият жылына арналып, кылымдарды карыткан калкыбыздын харизмалык деми жана учкул ойлору, насааттары баа жеткис мурас катары аздектелет.

Жыйнакта Ала-Тоолук элдин деми, деминен айтылган сөзү – жаш муундар үчүн табылгыс руханий азык, мүрөк суусундай дары, ар кимдин адамдык турмушун курууда келечекке жол ачкан, жигердүү харизмалык деминин арыбас, женилбес күчү чагылдырылды.

И 4702300100-17

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-28-352-7

© Иманалиев С., 2017

## *Арыбаңыз азиз окурман!*

*Байыркы эл бата, дем менен көгөрүп келишкен. «Жакшынын кеби жанга дем, жайыттуу жер малга дем» - делгендей кыргыз эли турмушундагы нечендеген тоом-тоом Сынак-Чакырыктарга – Жооп берип, эгемен мамлекеттүүлүктүн туусун обого желбиретип, жалпы адамзатынын арасында ак калпагы менен таанылып улуу тирүүлүктүн көчүн убай-чубай улантышууда.*

*Учурда жаңы жаш муундардын адамдык адеп-ыйманың, маданиятын калыптандырып, өстүрүүдө, жаштарга дем берүү, жигердүүлүктү жана намыстуулукту жандандыруу иштери айрым учурларда унутта калгансыйт.*

*Албетте, сырттан агылып келген жазгырма баалуулуктар жаштарды да, карылардыда убактылуу өздөрүнө тартып жатканын эстен чыгарбашыбыз керек. Биз өткөөл мезгилдин өтө карама – каршылыктуу агымында, ала салгыбыз келбей, таяныч издеп элибиздин ата мурастарына кайрылууну эп көрдүк.*

*Миңдеген жылдарды кечирген калкыбыздын кайраттуу деми жана учкул сөздөрү улуттук баа жеткис мурасыбыз!*

*Жашоодо жигердүү жандуу дем ар кимибизге абадай зарыл. Адамдын деминен сөзү, сөзүнөн мүнөзү, мүнөзүнөн тагдыры, тагдырынан тиричилигиндеги өмүр, өлүмү келип чыгат.*

*Карынын да, жаштын да деми кемип, ата-бабаң угуп – көрбөгөн көрө албастык, наадандык, түркөйлүк, депрессия, стресс, суицид, жан кечтилик, алдамчылык, каракчылык ж.б.у.с.сасык тумандай каптаган кырдаалдарда, акыл ойлоп алтын казыгыбызды издейбиз.*

*«Улуу тоого чыккан барбы, улар үнүн уккан барбы» - дегендей, тарыхка көз салсак, тоолуу кыргыз эли оттуу деми менен тоолорду ашып, агыныш ар сууларды кечип, түптүү каганатты курушкан экен. Кыргыздар өтмүштө, учурда тарыхый- коомдук карама-каршылыктуу нечендеген идеологиялык, диний, саясый көз–караштардын кысымдарын баштарынан өткөрүшкөн, эл тозулуп жана бүлүнгөн башка коомдорду ээрчип жашашды..., бирок байыркы тоолуктардын эркин табигый*

*табияты, деми жана наркы аларды эч кабыл албады, тоолук элдин деми тоодой бийик, улар үнүндөй улук, тоо суусундай тунук, тоо абасындай таза бойдон сакталган!*

*Ала-Тоолуктардын «бетеге кетет бел калат, бектер кетет эл калат, акмак өлөт акылдуудан сөз калат» - дегенин байыркыдан берки тарыхый доорлордо жанын аябай кашык каны калганча салгылашып кыргыздын кыргыздыгын сактап, элинин улуулугун даңазалап, үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнай алган харизмалык улуу деминин жеңилбес күчүн – карт тарыхыбыз тастыктады.*

*Харизма – элдеги кыймылга дем берүү болуп саналат. Эр Чубак чоң казатта кууган жоодон айласы кетип, жок дегенде Манасты тирүү алып кетейиндеп ойлойт. Манасты ойгото албай найза менен жоон санга бир коет. Ойгонгон Манастын демин угуп, жоодон коркуп али өзүнө келе элек Чубакка, Манастын харизмалык касиети ачылат, Чубак ага таң берет. Мунун «сөзү да Манас, өзү да Манас, аты да Манас, заты да Манас турбайбы» - дейт. Манастын харизмасы Чубактын демине дем, духуна дух, күчүнө күч кошот. Шашкан*

*Чубак эми өлүмгө октой атылган, жеңилбес жоокерге айланып, каптаган жоону сапырат.*

*Замандаш «өсөөр өзүн сыйлайт» дегендей, аркимибиз киндик кан тамган кутман жерибиз Кыргызстанга, ак калпак элибиздин мурастарына жана анын келечегине кыянаттык кылбай, зыярат кылалы.*

*Харизмалык дем ар дайым адамга канат байлатып, жүрөктөрдү курчутуп келет.*

*Анда окурман кыргыз элинин жигердүү харизмалык деми - арыбасын!*

*Түзүүчү: Нарын мамлекеттик университетинин профессору, И.Арабаев атындагы КМУнин Ардактуу профессору* ***Сыдык Иманалиев***

*Урунбай жүргөн тоо барбы,*
*Урушпай жүргөн жоо барбы?!*
**«Манастан»**

*Телегейи тептегиз,*
*Жери жакшы кыргыздын.*
*Өзгүн берген өз десе,*
*Эли жакшы кыргыздын.*
**Каныкей**

*Ак тулпарды минейин,*
*Ак темир соот киейин,*
*Кош апаке берекем!*
*Манасты тапкан энекем!*
*Айланайын элимден,*
*Адашып калган мен экем.*
**Семетей**

*Кагандын казандан неси артык,*
*Калкым деп күйгөн иши артык.*
**Барсбек**

*Эмне эксең жериңе ошол өнөт,*
*Эмне берсең – ошону төлөп берет.*
*Оң баштанса-ишиң дагы оңолор,*
*Сол баштанса – алтын башың жоголор!*

*Өмүрүңдү Ата Журтка арнасаң,*
*Жыргап – куунап кор болбойсуң эч качан.*
**Жусуп Баласагын**

*Чымылдап чуркап жүргөн аз,*
*Чырылдап сага күйгөн аз.*
*Коркушкан менен бардыгы,*
*Оо Чындык, сени сүйгөн аз.*

*Кыргызстан Эгемен мамлекет аталып, ата – журтту коргоо жана сактоо ар бир атуулдун ыйык милдети болуп турган чакта Тайлак баатыр мекенчилдиктин, атуулдук-*

*тун кашкайган улгусу катары ар дайыма жашай берет.*

**Чыныбай Турсунбеков**

ꕤꕤꕤ

*Жашоонун маңызы эмнеде?*
*«Чексиз жаңы ачылыштарды ачууда.....»*
***Академик Үсөн Асанов***

ꕤꕤꕤ

*Хан тукуму кайырчы - каадасын билбей эл башкарса эли журту айылчы- дейт, кызыл тебетей кийдиңиз аксак менен тексекке бирдей болуңуз.*

***Олуя Эшкулу,***

*Ормон хан болуп шайлангандан кийин ага айтылган алгачкы куттуктоо сөзү.1842-ж.*

ꕤꕤꕤ

*Тооң үчүн, эркиндик үчүн күрөштө төгүлгөн каның, салынган башың, элдери кул, катындары тул болгон кыргыздын эңсеген «Эркин -*

*Тоосу» ушул. Эми муну бек карма кыргыз, бек карма...*

***1924-жыл, Эшенаалы Арабаев***

*«Кагылайын туулган жер.... Өзүң үчүн колдон келгенди, болгон күчүмдү аябадым, кээде ойдогудай болбой калса, кечир мени, туулган жер?! Кайрадан өзүңдү көрө аламбы? Качан?»*

***Исхак Раззаков***

*Башым жерге жаткыча элиме кызмат кыламын.*

***Кусейин Карасаев***

*Кудайдын бергени угулбайт.*
*Жалгаганы туюлбайт.*

*Жылдыздын сырын асман билет,*
*Жылкынын сырын баккан билет.*

*Көлду көзүңө сүрт, бутуңду малба.*

**Карга аке**

*Ниет оңолгондо эси дартың да, сүйлөгөн сөзүң да оңолот. Айтылган жакшы сөздүн өмүрү узун.*

**Сарт аке**

*Элге пайда тийбеген хандын алтын сарайынан,*
*Кем багалдын жаман алачыгы артык.*

**Садыр аке**

*Адамдын пейилинин кеткени дүйнөнүн тарыганы менен тең.*

*Биринчиден, адамдын ички дүйнөсү жарды болбосун.*

ꕥꕥꕥ

*Урушпай ажырашсаң, уялбай учурашасың.*

***Кыдыр аке***

ꕥꕥꕥ

*Ырыс алды ынтымак!*
*Ынтымагы бар элдин,*
*Айсыз караңгы түндө да,*
*Асманында күн турат.*
*Ынтымагы жок элдин,*
*Балдары иттей ыркырап,*
*Ачык, жарык күндө да,*
*Асманында түн турат!*

***Мойт аке***

ꕥꕥꕥ

# Кыргыз элинин сырлары:

Ыйыгы - Теңир (Жараткан)
Бийиги - Адам (ата-эне)
Башаты - Мекен
Байлыгы – Сөз
Байрагы - Кызыл Туу
Ураааны - Манас
Тиреги - Намыс
Сынчысы – Эл
Балбаны - Жер
Турагы – Боз үй
Тумары – ак калпак
Кумары - куш
Эрмеги – комуз
Канаты – жылкы
Тамгасы – чамгарак
Мураты – эркиндик
Мүдөөсү – ынтымак
Тилеги – ыйман
Насили – нарктуулук
Урматы – улуулук
Ызааты – кичүүлүк
Бешиги – Ала-Тоо
Бермети – Ысык-Көл
Баатыры – билим

*Кубаты – ишеним*
*Кайраты – кудай колдо*
*Табынганы – от*
*Парзы – милдет*
*Акылы – накыл*
*Эси – дастан*
*Таалими – насаат*
*Руху – жан дүйнө*
*Санаты – санжыра*
*Катуусу - шерт*
*Күрөшү – мээнет*
*Мүнөзү – сабыр*
*Сырдашы – дос*
*Көздөгөнү – максат*
*Адеби – угармандык*
*Асылы – адамгерчилик*
*Пейили – адамгерчилик*
*Суктанганы – сулуулук*
*Саламы – Арыбаңыз*
*Алиги – Бар болуңуз*
*Батасы – «Өмүрлүү бол»*
*Алкоосу – «Тукумуң өссүн»*
*Туткасы – салт*
*Калысы – калк*
*Насиби – ак*
*Тазасы – суу*

*Таттуусу – жан*
*Тунугу – махабат*
*Жумшагы – көңүл*
*Ачуусу – өлүм*
*Арманы – күү*
*Аздеги – ат (ысым)*
*Түгөйү – жар*
*Мөдери – бала*
*Куйөрү – тууган*
*Сөөлөтү – ой*
*Сайраны – той*
*Күткөнү– дөөлөт*

*Бийик нарктуу улуу кыргыз элим бар,*
*Береке мол, ажайып кооз жерим бар.*

*Ыйыгымсың киндик каным тамган жер,*
*Ыраа көрбөйм бутум менен баскан дан.*
**Кеңешкан Ысманова**

*Башыңа бакыт конбосо*
*Жакшыларды жандагын.*

*Таш аласың – таш урсаң*
*Аш аласың – аш берсең.*

*Кыш берсең – кышың аларсың*
*Ыш берсең – ышын алаарсың.*

*Акылдын кени «Манаста»*
*Андагы каска жанашпа.*
*Ага жанашканың*
*Акылдан адашканың.*

*Дос таарынса бергенин алат,*
*Кас таарынса жергеңи чабат.*

*Жериңи сатканың*
*Элиңи сатканың,*
*Келечегиңи атканың.*

*Досуң миң болсо да аз,*
*Душманың бир болсо да көп.*
*акын, агартуучу* **Нурмолдо**

*Жакшы дейбиз, жарык жакка ыктайбыз,*
*Бирок дайым караңгыда уктайбыз.*

*Ашык болсок жарыкта кат жазабыз,*
*Анан кайра караңгыга катабыз.*

*Чындык кээде канга боёлот.*

*Чындыкты бетке айткандын өзү эрдик.*

Нарын облустук
китепканасы
№ 59203 сбо

*Дүйнөнүн дүйнөлүгү, адамдын адамдыгы чындыктан баш тартпай, акыйкаттан жанбай, чындык – ушул, ушул жерде турам, ушул жерден жылбайм, эмне кылсаңар, ошо кылгыла деп, чындык үчүн жан кыйышка даяр, азап–тозокко кайыл адамдарга таянып турат.*

***Жамгырбек Бөкөшов***

*Алдыңда агаң бар болсо,*
*Каухар чырак шамга тең.*

*Устаттан сабак алсаңыз,*
*Алма, шекер, балга тең.*

*Катының жаман болгон соң*
*Айыкпаган дартка тең.*

*Уулуң жаман болгон соң,*
*Апийимчи сарт менен тең.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Кызың жаман болгон соң,*
*Ит ичкен арам аш менен тең.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Келиниң жаман болгон соң,*
*Керексиз жаткан таш менен тең.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Агаң жаман болгон соң,*
*Атышып жүргөн кас менен тең.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Иниң жаман болгон соң,*
*Арак ичкен мас менен тең.*

***Абылкасым Жутакеев***

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Атанын тилин албаган*
*Өмүрүнө кор болот.*

*Аганын тилин албаган*
*Өлүмгө барып байланат.*

*Тууғандын тилин албаган,*
*Сай-сайлап жүрүп жок болот.*
***Садырбай Иманалиев***

*Аксай менен Арпада,*
*Ар уруу чөптүн кени бар.*

*Абышкасы оштонуп,*
*Жигиттен кыйын деми бар.*

*Кылычын сунган кыш менен*
*Кыйын эрлер бел байлайт.*
*Кылычын кыштын мокотуп,*
*Кыйналбай жигит май чайнайт.*

*Карыда, жаштын деми бар,*
*Калтырбай айтар эби бар.*
*Алтын, күмүш кени бар,*
*Баары толук Ала-Тоо.*

**Тоголок Молдо**
**(Байымбет Абдыракманов)**

*Өз элиң, болот сыр дана,*
*Өз элиң күйөт бир гана*
*Өзүңдөй эле эл ичээр,*
*Өзөндүн суусун булгаба.*

**Абдыкалык Чоробаев**

*Жашың кыркка барганча э лчогулган жерде Манас айтпа. «Манас» тирүү олуя, силер*

*жашсыңар, өйдө - төмөн, баш аламан жүрөсүңөр, бир кырсыкка учурап калба деп насаат айткан.*

**Мамай Турдубек уулу**

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Кыргыздар Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчорону өлдү деп айталбай келди. Алардын кыргызга кылган кызматы үчүн, кыргызга кылган жакшылыгы үчүн.*

**Жусуп Мамай**

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Манастын тушунда кемпирлер куйрук карабай турган, келиндер каймак жалабай турган турмушка жеткен.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*«Манас» жомогунда кыргыздын акылы акыйкатты таануу, адилеттикти билүү жагы андан көрүнүктүү болгон.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Сак болбосок, «Шыпшайдар» изилдөөчүгө «Манасты» аттырып алып, коргой албай калабыз.*

**Макелек Өмүрбай уулу Кармыштегин**

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Адамдын жашы өйдөлөгөн сайын жылуулукту самайт (жылуу сөзгө, жылуу кийимге, жылуу чайга ж.б.)*

элдик этнограф **Амантур Акматалиев**

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Ата Журттун тулку денеси кымындай бир ууч топурактан куралат.*

**КеңешЖусупов**

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Биздин ушул күнгө дейре этнос болуп сакталып калганыбыздын сыры, кыргыздын байыркы духунда болуу керек.*

***Дүрбөлөң Жапаров***

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Тарых өчпөй туруш керек көөдөндө,*
*Тарыхсыз эл болуп калат жаныбар.*

*Хан тарых жок, кул тарыхтар жазылып,*
*Келечеги улам элдин тарылып,*
*Карманарга сыймык таппай урпактар,*
*Баратышат, өзгө элдерге ак уруп.*

**Атантай Акбаров**

*Кыргыздын тыңы аябай тың болот, макоосу аябай макоо болот.*

**Бексултан Жакиев**

*3 миң жылдыкка жетиштин өзү эле эмне деген керемет! Бул миң жылдыкта ачыгын эле айтуу керек, жаңыча ойлоп, жаңыча жашабасак бизге үйүр алып алган артта калуучулук биротоло жан таслим кылат.*

*Турмуш чиркин оңолобу, же кыргыз байкуш жоголобу? Укмуштуу бул суроо азыр ар кыргыздын жүрөгүндө. Тыңгылыктуу жооп таба албай алар бушайман. Мен ошолордун бирөөсүмүн.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Биз капитализмдин кыстоо, кыйноосунан эмес, капитализмдин жоктугунан, өспөгөнүнөн ушундай абалга келдик.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Капитализмди баспай кыргыз улут болбой, уруу бойдон кала берет.*

**Асейин Исмаилов**

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Тышкы сулуулуктан адеп сулуулугу кымбат.*

**Советбек Байгазиев**

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Өзүнүн улуттук тилине, улуттук маданиятына иш жүзүндө кам көрө албаган*

*мамлекеттин жашоого, мамлекет башчысынын мамлекет башчысы катары иштөөгө моралдык акысы барбы?!*

**Сыртбай Мусаев**

*Улуту бар адам – Улуттун укугун коргойт,*
*Улуту жок адам – Адам укугун коргойт.*

**Байас Турал**

*Жаштардын жана балдардын кылымдар бою идеалы - Манас баатыр болуп келген.*

**Абдыкерим Муратов**

*Маданиятыбыз, рухий көрөңгөбүз канчалык бийик болсо элибиздин да түшүнүгү, деңгээли ошончолук жогору болот.*

**Аскар Салымбеков**

*Кыргыз аздыр.... Бирок анын маданиятынын, тарыхый мурасы менен ортоктош жагдайларынын жана өзгөчөлүктөрүнүн биз баамдабай келген жактары, балким жылдыздан көптүр.*

**Тынчтыкбек Чоротегин**

ꕥꕥꕥ

*Бар нерселер «Манастан» башат алат..,
анан Ч.Айтматовдон башат алат...*

ꕥꕥꕥ

*Азыркы кыргыздар Көктө Теңири, Жерде Мекени Кыргызстан, Жүрөктө Айкөл Манасы бар адам- болмушунун ээлери.*

ꕥꕥꕥ

*Манас элди болмуштун түмөн түйшүгүнөн куткарган баатыр.*

ꕥꕥꕥ

*Силер даңктуу бабалардын өрнөгүн улап, тарыхый болмушуңарды таап, «Манастай» өз болмушуңарды толук ачууңар зарыл!.*

**Сыдык Иманалиев**

*Ойлонолу, кыргызым ойлонолу*
*Ата Журтка ак иштеп чеп бололу.*

*акын КүлбүбүБайбугуева*

*Тиш ырыскы, тил дөөлөт,*
*Тирүүлүгүң бир дөөлөт.*

*Байыркынын мингени*
*Кылтылдаган ат болгон,*
*Кыргызга ким чак болгон?*
*Баатырлары көп болгон,*
*Байыркыга сөз болгон,*
*Кыраандары көп болгон,*
*Кылым арта сөз болгон.*

*Бaрктaшып эл менен жүргөндүн,*
*Бaйсaлдуу өмүр сүргөндүн,*
*Тaaжысы түшпөйт бaшынaн,*
*Тaктысы кетпейт aстынaн,*
*Бaшынa келип бaк конот,*
*Кaшынa келип журт конот.*

*Киши aкысын жегендик,*
*Aрaмдыктын белгиси,*
*Мээнет менен жaн бaгыш*
*Aдaлдыктын белгиси.*

*Aтa Журтун aрдaктaш,*
*Aзaмaттын белгиси.*

*Өйдө төмөн сүйлөгөн,*
*Мaсчылыктын белгиси.*

*Калкы турса каржалып,*
*Калктын камын ойлобой,*
*Келечегин болжобой,*
*Казына чачса калактап,*
*Эки көзү алактап,*
*Бул – кара өзгөй аким белгиси.*

*Башкага элин сатпаган,*
*Бар жакшысын мактаган.*
*Журт намысын сактаган,*
*Көсөмдүктүн белгиси.*
*Жамандыкты кечирүү,*
*Айкөлдүктүн белгиси.*
*Азамат баркын билбеген,*
*Наадандыктын белгиси.*
*Андай менен бир жүрсөң*
*Адамдын келет өлгүсү!*

*Кайратың тоону бузса да,*
*Кашыгың көлдү бузса да,*
*Оозуңдан чыккан сөзүңө,*
*Зоо куланып учса да,*

*Эл менен сен адамсың,*
*Элден чыксаң жамансың!*

*Кабарың күнгө жетсе да,*
*Жылдызга колуң жетсе да,*
*Жараткандын дүйнөсү*
*Бүт колуңа өтсө да,*
*Эл менен сен бийиксиң,*
*Элден чыксаң кийиксиң!*

*Зөөкүрдү чабар камчы бол,*
*Кургак жерге тамчы бол...*
*Алсыздарга жакын бол,*
*Жетимдерге көмөк бол,*
*Канкорлорго касап бол,*
*Калп айтканга мазак бол.*
*Ууруларга айгак бол,*
*Ушакчыга сайгак бол.*
*Эрегиш чыкса, элчи бол,*
*Эл журтуңдун кенчи бол.*

**Арстанбек Буйлаш уулу**

*Ынтымагы бар элдин*
*Таалайы, багы ачылат.*
*Ынтымагы жок элдин*
*Тапканы бекер чачылат.*

*Ынтымагы бар элдин*
*Адил болот улугу.*
*Ынтымагы жок элдин*
*Ичинен чыгат бузугу.*

*Бир адамды ыйлатып,*
*Буркураттың дүнүйө.*
*Жокко бардан жалынтып,*
*Пул сураттың дүнүйө...*

*Келериңде дүнүйө,*
*Сууну арыкка бургандай,*
*Төрүндө жолборс тургандай.*
*Кетериңде дүнүйө,*

*Арыктын суусун тарткандай,*
*Төрүндөн жолборс качкандай.*

*Аккан суу түз кете албайт, сайболбосо...*
*Ар киши адашасың жол болбосо...*

*Дыйканга түшүм кайда, жер болбосо,*
*Ала-Тоо көркκө келбейт, Эл болбосо!*
**Барпы Алыкулов**

*Аргымак мойнун ок кезет.*
*Азамат мойнун жок кезет.*

*Аттың кашаң болгон соң,*
*Аштан, тойдон калган соң*
*Кулуктугу не пайда?*
*Алганың сулуу болгон соң,*
*Аркырап беттен алган соң*
*Сулуулугу не пайда?*

*Этекти кессең, тонболбойт,*
*Эзелки душман эл болбойт.*

*Эркек үндүү аялдын*
*Уяты жок*
*Катын үндүү эркектин*
*Кубаты жок.*

*Канжыганын катканын,*
*Каптал билбейт, ат билет.*
*Азаматтын азганын,*
*Өзү билбейт, жат билет.*

*Уста менен дос болсоң,*
*Нар кескенин аларсың.*
*Ууру менен дос болсоң,*
*Бир балээге каларсың.*

*Жакшы болсо катының,*
*Табыла берет акылың,*
*Куусаң кетпейт жакының.*
*Жаман болсо катының,*
*Кете берет акылың,*
*Чакырсаң келбейт жакының.*

**Калыгул**

*Бирөөнүн жери жер болбойт,*
*Бирөөнүн эли эл болбойт.*
*Туурасын айтсам мен сага,*
*Тууганду адам кем болбойт.*

**Эсенаман Жапак уулу**

*Жашыңда оку илимге,*
*Жакуттай көзүң ачылат.*

*Башынан арбак ургандын,*
*Аркасында чуу болот.*

*Ынтымагың бар болсо,*
*Душман да сага эл болот.*

**Нишан молдо**

*Бар болбой малың чачылбайт,*
*Жок болбой жонуң ачылбайт.*

*Жакшы конок ток болот,*
*Жаман журөк жок болот.*

*Астыңда атың болбосо,*
*Аш менен тойго оолугуп,*
*Дегдегениң бекер кеп.*

*Оозуңда эмиң болбосо,*
*Мактанганың бекер кеп!*

*Өткөн өмүр билинбейт,*
*Өлгөндөр кайра тирилбейт.*

*Аскар – аскар – аскар тоо,*
*Аягы барып чап болот.*
*Атадан алтоо болсоңдо,*
*Сыйлашпасаң жат болот.*

*Ааламдан канча алп өткөн,*
*Ким жетиптир Манаска!*

*Күнүгө барктап баксаң да,*
*Булбулуң гүлсүз сайрайбы?*
*Көөрүктүн күчү болбосо,*
*Көмүргө темир кайнайбы?*

*Көпкө ыраазы болбогон*
*Азга жетпей зар болот.*

*Тогузу болгун жылдыздын,*
*Туйгуну болгун кыргыздын.*
*Жетиси болгун кыргыздын,*
*Жетиги болгун кыргыздын!*
*Учу болгун кыргыздын,*
*Учкуну болгун кыргыздын.*
*Сабы болгун кылычтын,*
*Сазы болгун кыргыздын.*

*Айт, айт десе токтолбой...*
*Качканды айтпай, кууганды айт,*
*Чобурду айтпай, бууданды айт,*
*Болуп өткөн тарыхты айт,*
*Жалганды айтпай, аныкты айт!*

*Акындардын ырын айт,*
*Акылмандардын сырын айт!*

*Туулуп өскөн жериңди айт,*
*Куттуу кыргыз элиңди айт!*

*Алганды айтпай, бергенди айт,*
*Жоону жеңип келгенди айт!*

*Ак, караны ылгап айт,*
*Жүрөк менен жыргап айт!*

*Ак болоттун көркүн айт,*
*Ала-Тоонун көркүн айт!*
*Ач албарстын курчун айт,*
*Ата-Бабаң журтун айт!*
**Жеңижок**

*Аргымакты жаман деп,*
*Бууданды кайдан табасың.*
*Агайыңды жаман деп,*
*Тууганды кайдан табасың.*

*Тууганына батпаган,*
*Душманына жалынат.*

*Жакынына жакпаган*
*Жат кишини жамынат.*

*Бекерчиден безе кач,*
*Ушакчыдан көчө кач!*

*Ары жок ишке барганча,*
*Артык көр андан өлүмдү.*
**Токтогул**

*Адалдын түбү миң болот,*
*Арамдын түбү бир болот*
*Оюу бузук адамдын,*
*Акыры бети кир болот.*

***Абдырахман Коңурбаев***

ꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮ

*Ата-Эне башаты турмуштун,*
*Тай-тайлап бутума тургуздуң.*
*Бир күнкү мээнетин актабайт,*
*Атамдын,*
*Тоолорун көтөрсөм кыргыздын.*
*Бир күнкү мээнетин актабайт,*
*Энемдин,*
*Жүгүн бүт көтөрсөм кыргыздын.*

*психолог* ***Тууганбай Коңурбаев***

ꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮꙮ

*Адам адамдык болмушун куруудa - өзүнүн Өздүгүнө жардам кылат же өмүр бою өзүнө жардам кылбаган жолдор менен күндөрүн өткөрөт.*

***Сыдык Иманалиев***

*Атактуу биздин Ала-Тоо,*
*Абасы салкын эңтаза*
*Адамдын көөнү ачылат,*
*Ала-Тоо гүлүн жыттаса.*

**Казыбек**

*Тарбиялоонун сырларын каада-салттарга катkан ата-бабаларга терең таазим.*

*Айтар түз сөз эч кандай жок бурuусу,*
*Класcташтык кыргыздын бир уруусу.*

**психолог Тууганбай Коңурбаев**

*"Сагымбайды окуу – "Манасты" окуу,*
*аны үйрөнүү "Манасты" үйрөнүү,*
*аны мактоо – жерди мактоо,*
*аны көргөзүү кыргызды көргөзүү,*
*аны даңазалоо – кыргызды даңазалоо эмеспи.*

**Асанбек Табалдиев**

*«Манас» дүйнөсүн жакшылап тааный алсак – биз улуттук түпкү руханий тамырыбызды тааныган болобуз.*

***Абдылдажан Акматалиев***

*"Манас" эпосу дүйнөлүк эпостордун ичиндеги бирден-бир тарыхташкан эпос болуп эсептелет.*

*"Манас" эпосун сактап, эң акыркы манасчы жана эң акыркы "Манас" эпосун угуучу калганга чейин кыргыздардын негизги бөлүгү эпикалык доорго ыктап, эпикалык эл болуп жашай бере турган көрүнөт.*

***Төлөбек Абдырахманов***

*Доор алмашаарда тийешеси барга дагы,*
*жокко дагы тарых эрмекке айланат.*

*Адамдар тарыхка эмес,*
*уламышка көбүрөөк ишенишет.*

*Тарых учурунда бийликтеги камчы, доор алмашкандан кийин эч кимди аябаган сынчы.*

*Этнограф азыгын элден таап жейт,*
*археологдор жерден таап жейт.*

*Эгерде Жараткандын пейили өзүнүн кулунун пейилиндей болгондо, аалам эчак жок болмок.*

***Октябрь Капалбаев***

*Аскасы асман тиреген,*
*Тоолору күндү жиреген.*
*Ала-Тоо жерин мекендеп,*
*Жашашат кыргыз эл деген.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Байыркы Манас тукуму,*
*Баамдайт баары ушуну.*
*Бейиштин төрү бизде го,*
*Мелжиген туура – узуну.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Арсланбаб, Кара алмага*
*Чеч – дөбө, Кошой балбанга.*
*Төө ашуу, Долон бел ашып,*
*Ашыгат баары барганга.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Таш – Рабат, Соң – Көлдү,*
*Дегдешет көбү көргөнү.*
*Аксай, Арпа, Чатыр көл,*
*Теңир тоомдун көркөмү.*

*Баткенде таштa Айгүлү,*
*Барышат ага ар күнү.*
*Саймалы ташы, Сары кыр,*
*Ташында жатат канча сыр.*

*Мактасак жерди сөз жетпейт,*
*Ал жерди кыргыз мекендейт.*
*Барктай албай кор кылсак,*
*Башкалар келип тебелейт.*

*Адамга жашоо керемет,*
*Ал жашоо ага бир келет,*
*Асырап аны албасаң,*
*Убактың өтөт темселеп.*

**Токтосун Атанаев**

*Рыспай Абдыкадыров ака рулда, экөөбүз Ноокаттан келе жатабыз. Шаарга кире берерде МАИнин кызматкерлери токтотуп: "Сиз абдан ылдам келдиңиз, жол эрежесин буздуңуз" деп күбөлүктү талап кылды. Кой, ука, күлүктүн оозу катуурак эле, тизгини тарттырбай... эми кечирип кой, акырын кетип калалы- деп сурана баштады. -Эй аба, азилдешпей күбөлүктү бериңиз! Деп ачуулана башташты милициялар. - Иштеген жерден аласыз күбөлүктү- деди Рыспай. – Айтыңызчы ким болуп иштейсиз? –Ким болуп деп сурап коет, Рыспай Абдыкадыров болуп иштеймин десе болобу? Анда тиги жигит шашып, "Рыспай аке, кечиресиз күүгүмдө тааныбай калыпмын" деп узатып койгон эле.*

***Букарбай Иметов***

*Жамандык өтпөгөн баштан,*
*Жакшылык аз чыгат.*

ꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥꕥ

*Аялыңдын тилин алсаң,*
*Эл башкарам деп убара болбо.*

Бирөөдөн кемчилик издегенди кой,
Биринчи өз кемчилигиңди жой.

Аялсыз үйдө сулуулук жок,
Жаткан жериңде жылуулук жок.

Аял эл көбөйтөт,
Эркек жер көбөйтөт.

Жакшынын баасы болбойт сата албайсың,
Жаманды жерге көмүпката албайсың.

Чындыгы бар элдин курсагы ток.
Чындыкты табуудан чоң муктаждык жок.

*Жаманга зыярат кылба,*
*Жаратылышка кыянат кылба!*

*Чыкпай турган үрөндү убара болуп сеппе.*

*Өзүңдү сынагың келсе кошунаңа кара,*
*Өзгөнү сынагың келсе өтүгүн кара.*

*Көздүн күчү каректе,*
*Сөздүн күчү даректе.*

**Абдыразак Шермамбетов**

*Ит баласы бир каппай койбойт.*

*Жамандан катын алсаң жата албайсың,*
*Куну бар өлтүрүүгө бара албайсың.*

*Сөз адамдын сүрөтү, сөз адамдын мүнөзү адамдын күбөсү.*

*Акчаны чачаарда, ачка калар күнүңдү унутпа.*

*Кетирген катаң бир болсо, оңдобосоң миң болот.*

*Тобокелге бел байла, тобокелдей бел кайда.*

*Жакшы адамдын сыйы көп, жаман адамдын чыры көп.*

*Туруу журуп өлук кейпин кийген бар, бекерчилик, жалкоолук энчисине тийген бар.*

*Карыздан коркпогон, карыздан кутула албайт.*

*Акчасы бардын кубаты куч,*
*Акчасы жоктун уяты куч болот.*

*Адамды абийир атка багыштоонун – негизи тарбия. Тарбиясыз адам абийир менен беделден кур калат.*

*акын Кайрыке Мукашова Жаманкул кызы*

## Элдик макалдардын тамаша-чыны аралаш жаңыча варианттары

1. Дарыянын жанына кудук казбайт.
2. Базардын жанына камок ачпайт.

1. Балка көтөргөнчө дөңгөч эс алат.
2. Күйөөсү командировкага кетсе аялы эс алат.

1. Сагызган сактыгынан өлбөй суктугунан өлөт.
2. Аракеч ажалынан өлбөй арактан өлөт.

1. Ийне көзүнөн сынат.
2. Жегич алкымынан сынат.

1. Илээндинин малы көчкөндө жоголот.
2. Кыздардын памодасы өпкөндө жоголот.

1. Аккан сууда арам жок.
2. Аккан сууда цианид бар.

1. Эркекке айткан сөз бир кулагынан кирип, бир кулагынан чыгат.
2. Аялга айткан сөз эки кулагынан кирип, тилинен чыгат.

1. Таппасаң сыйпалап кал.
2. Сыйпаласаң табасың.

1. Буюрбаган ашка мурун канайт.
2. Буюрбаган акчаңды рекет талайт.

1. Алы жетпеген акыретчи.
2. Алы жеткен акыйкатчы.

*1. Оозу кыйшык болсо да байдын уулу сүйлөсүн.*
*2. Буту кыйшык болсо да байдын кызы бийлесин.*

*1. Желмогуздун эң кичинеси кыйын.*
*2. Кодоодон көрөсүң кордукту.*

*1. Жигиттин өзүнө караба сөзүнө кара.*
*2. Жигиттин эчтекесине караба акчасына кара.*

*1. Ит менен дос болсоң сөөк талашасың.*
*2. Арстан менен дос болсоң эт талашасың.*

*1.Өтүгүң тар болсо дүйнөнүн кенендигинен не пайда.*

2. *Аялың ажаан болсо дүйнөнүн тынчтыгынан не пайда.*

*1. Ат оонаган жерде түк калат.*
*2. Өлүп калсаң бүт калат.*

*1. Бүркүт картайса чычкан уулайт.*
*2. Аял картайса бала туубайт.*

*1. Карынын сөзүн капка сал.*
*2. Акчаң болсо банка сал.*

*1. Энесин көрүп кызын ал.*
*2. Атасын көрүп баласына тий.*

*акын **Күлбүбү Байбугуева***

*Китепти Кыргыз китеп борбору «Нуска» китеп дүкөнүнөн 62-65-76,*

*И.Арабаев атындагы КМУнин 2-корпусунан «Сабат» китеп борборунун алсаңыздар болот. 0705 40 60 76*


Басууга кол коюлду 27.02.2017
Форматы: 70х100/32. Офсет кагазы.
Көлөмү: 1,8 б.т. Нускасы: 500
Заказдын номери: №010

---

«Maxprint» басмасында басылды.

ИЗДАТЕЛЬСТВО MAXPRINT БАСМАСЫ

Дарек: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru